№ 3
2018

ALA-TOO INTERNATIONAL UNIVERSITY
ALA-TOO
1996

SCIENTIFIC JOURNAL

# ALATOO ACADEMIC STUDIES

ALA-TOO INTERNATIONAL UNIVERSITY
ALA-TOO
1996

Print ISSN: 1694-5263
Online ISSN: 1694-7916

www.iaau.edu.kg/aas

Подпись ______ заверяю
Ученый секретарь

# ALATOO ACADEMIC STUDIES

Print ISSN: 1694-5263
Online ISSN: 1694-7916

Number 3 – Year 2018


МАЗМУНУ СОДЕРЖАНИЕ CONTENTS


ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

*Каниметов Ж.К.* Ч. Айтматов - түрк тилдүү элдердин маданиятындагы диалогдун жарчысы........................8
*Калдыбаев С.К.* Проблемные ситуации в теории и практике оценивания......................................................13
*Muratov A. Dj.* Aytmatov's ethno pedagogy: collision of civilizations
(on the example of Chyngyz Aytmatov's novel "The White Ship")..........................................................24
*Бектуров Т.М.* Дүйшөн алгачкы агартуучу-мугалим катары Ч. Айтматовдун интерпретациясында.............33
*Бабаян А.В., Кравченко К.М., Богиева Д.Р.* Репетиция как фактор совершенствования театральной
деятельности в подготовке менеджмера социально-культурной деятельности............................................38
*Койлубаева Н., Кубанычбекова У.* Адептик сапаттар – окуучулардын инсан катары
калыптануусунун негизи катары...........................................................................................................45
*Шамырканова Н.Б.* Башталгыч класстын мугалиминин окуучулардын өз алдынча иштөөсүн
уюштуруусунун мааниси.......................................................................................................................50
*Шамырканова Н.Б.* Мектеп окуучуларынын өз алдынча ишинин максаты жана милдеттери......................56
*Исакова В.Т.* Болочок мугалимдердин баалоо ишмердүүлүгүн калыптандыруу..........................................61
*Онгарбаева А.Д.* Вопросы методики подготовки будущих учителей информатики к созданию
электронных образовательных ресурсов...............................................................................................68

ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

*Казакова Н., Талибжан к. Б.* адабий дил маектин жазуучунун бейнесин ачуудагы ролу
(Чыңгыз Айтматовдун мисалында)........................................................................................................79
*Боobeкова Т.* Замандын залкар жазуучусу, улуу адам Чыңгыз Төрөкулович Айтматовдун
театр менен биримдиги.........................................................................................................................91
*МаксутоваА.А.* Кыргыз тилиндеги «өлүк» сөзүнүн тергөөлөрүнүн объектилери.......................................98
*МаксутоваА.А.* Кыргыз тилиндеги «көр» сөзүнүн тергөөлөрүнүн объектилери........................................104
*Рыскул к. З.* Дивану лугат-ит түрк сөздүгүнүн азыркы учурдагы мааниси жана абалы............................110
*Батыралиева Б.* Зуура Сооронбаеванын аялдар образын жаратуудагы көркөм чеберчилиги ....................116

ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ

*Ким Н.* Проблемы развития рынка банковских карт в Кыргызской Республике..........................................126

ГОСУДАРСТВО И ПРАВО. ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ

*Камил к. Г.* Предмет и классификация показаний подозреваемого в уголовном процессе..........................133
*Сманалиев К.М., Алымкулова А.С.* Совершенствование домашнего ареста как вида меры
пресечения в уголовном судопроизводстве Кыргызской Республики.........................................................138
*Карынов Ч.К.* Эмгек мамилелериндеги социалдык өнөктөштүктүн
тарыхый-укуктук аспектилери...............................................................................................................143
*Abzhaparova Ch.M.* Introduction and development of the probation service in the Kyrgyz Republic..................148

СОЦИОЛОГИЯ

*Tologonova G. B.* Influence of social inequality in the employment of a young graduate
(On the example of the Bishkek Humanities University named after K. Karasaev)....................................155





Подпись ______ заверяю

УДК: 371.3

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШИНИН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

*Шамыркванова Надира Бейшенбековна*

И. Арабаев атындагы КМУнун аспиранты
*E-mail:nadirashb@mail.ru*

**Кыскача мазмуну**

Өз алдынча иштөө – бул окуучунун ой-жүгүртүүсүнүн иреттүүлүгү, анын акыл-эс жана практикалык операциялары жана аракеттери, окуучунун өзүнө көз каранды болгон таанып-билүүчүлүк окуу иш-аракети. Сабакта өз алдынча иштөө керек, себеби окуучулардын эркин машыктырат, ишмердүүлүгүн, көңүл буруусун тарбиялайт, тартипке көндүрөт. Мугалим окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө, өз алдынча ойлонуусуна, корутундусуна таянышы керек. Демек, өз алдынча иштөө бул окуучунун окуу иш-аракетинин жогорку чеги жана педагогикалык процесстин компоненти болуу менен ал тарбиялык, билим берүүчү, өнүктүрүүчү сыяктуу функцияларды аркалайт.

**Ачкыч сөздөр:** өз алдынча иштөө, ой-жүгүртүү, иреттүүлүк, акыл-эс жана практикалык операциялар, таанып-билүүчүлүк окуу иш-аракети, ишмердүүлүк, бүтүндүк педагогикалык процесс, компонент, функциялар.

# ЦЕЛИ И ЗАДАЧИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ УЧАЩИХСЯ

**Аннотация**

Самостоятельная работа учащихся направлена на развитие и систематизацию кругозора учащихся, на развитие их умений последовательно выполнять умственные и практические операции. На уроках необходимо так организовывать самостоятельную работу учащихся, чтобы развивать самостоятельность его мышления, творческую деятельность, умение воспитывать в себе важные качества. С другой стороны, учитель должен опираться на способности учащихся, на их опыт и умения. Самостоятельная работа – это высшая ступень развития учащихся и компонент целостного педагогического процесса и выполняет образовательные, развивающие и воспитательные фунции.

**Ключевые слова:** Самостоятельная работа, самостоятельное мышление, последовательность, умственные и практические операции, познавательность, учебные способности, деятельность, целостный педагогический процесс, компонент, функции

# THE GOALS AND OBJECTIVES OF INDEPENDENT WORK OF SCHOOL STUDENTS

**Abstract**

The independent work of students is aimed at expanding the horizons of students; at developing their skills to consistently perform mental and practical operations. In the classroom, it is necessary to organize the independent work of students in such a way as to develop the independence of their



Подпись ... заверяю
Ученый секретарь ...

thinking, creative activity, and the ability to cultivate important qualities. On the other hand, the teacher must rely on the abilities of the students, on their experience and skills. Independent work is the highest level of development of students and a component of a holistic pedagogical process and performs educational and developmental functions.

**Key words:** independent work, independent thinking, consistency, mental and practical operations, cognition, learning abilities, activities, holistic pedagogical process, component, functions.

Учурдагы мектептин окуучуларынын өз алдынча иши такыр башка мүнөзгө ээ. Ал мугалим тараптан койгон маселелерди так түшүнүүгө негизделет. Өз алдынча иш балдардын көңүл буруусун, кызыкчылыгын жана чыгармачылыгын жараtыш керек, ал балдарды окутуш керек.

Адатта мугалим окуу процессин көп учурда орто окуучуга багыттайт, ошол эле мезгилде өнүгүүсү боюнча жогору жана төмөн деңгээлдеги окуучулар «көз жаздымда» калып, окуу процессинен четте калышат. Натыйжада «күчтүү» окуучу «орто» деңгээлге түшүп, ал эми начар окуган бала теңтуштарынан артта кала берет. Берилген көйгөйгө чечим издөө билим берүү системасында ар түрдүү инновациялык өзгөрүүлөргө алып келген. Жыйынтыгында, контингенттин көп бөлүгүн даяр окуучулар түзгөн, Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдары ачылган элитардык окуу жайлар (лицей, гимназиялар) пайда болгон. Бул окуу жайлар инсандын ар тараптуу жана жогорку сапаттуу өнүгүүсүн камсыз кылган идеал окуу программаларды ишке ашырыш керек болчу. Бирок мындай окуу жайлар үчүн программаны иштеп чыгуу процесси алардын пайда болуу темпинен артта калгандыктан, негизги максат болгон инсандын өнүгүүсү көз жаздымда калган. Ошол себептен, көп өтпөй ал окуу жайларда ал окуучулар «күчтүү», «орто» жана «начар» деңгээлдерге бөлүнгөн. Бул факт, инсанга багытталган мектептеги инновациялык өзгөрүүлөр окутууну, биринчи кезекте окуучулардын өз алдынча иштөөгө болгон мамилесин дифференциялоо идеясына таяныш керек эле.

Окуучуларга ыкманы тандоо, билимге ээ болууну уюштуруу үчүн жол көрсөтүү маанилүү, бул – аларды илимий уюштурулган акыл эмгегинин билим жана көндүмдөрүнө ээ кылуу, б.а. максат коюуну, ага жетүүнүн ыкмаларын тандоону, убакытка ылайык ишти пландоону билүү. Инсанды бүтүн жана гармониялуу калыптандыруу үчүн аны окуу тапшырмалардын – өз алдынча иштөөнүн – өзгөчө түрүндө көйгөйлүү-изденүүчүлүк иш-аракеттик мүнөзгө ээ болгон өз алдынча ишке системалуу түрдө кошуу керек [1, 231-б.]

Психологдор балдардын өз алдынчалыкка болгон муктаждыгы эрте жаш куракка таандык деп эсептешет. Алардын оюу боюнча «МЕН өзүм» инсандын калыптанышынын башталышын билдирет. Белгилүү педагог В.А. Сухомлинский бул идеяны педагогикада өнүктүрүү менен ал балада жарандык качан ал өзүн, өзүнүн «МЕН» дегенин көрсөткүсү келгенде пайда болот деп эсептеген. Демек, коом менен инсандын муктаждыктарынын айкалышы жалпы билим берүү процессинин демократизациясынын жана гуманизациясынын көрсөтмөсү болуп саналат.

Бул көйгөйдүн чечими, окуту-



Подпись заверяю
Ученый секретарь
КГУ им. И. АРАБАЕВА

унун теория жана практикасына, экономика, илим жана маданияттын өнүгүүсүнүн талаптарына ылайык өлкөбүздөгү бүткүл билим берүү системасын андан ары жакшыртуу перспективасын эске алууга мүмкүндүк берет.

Илимий-техникалык революциянын өнүгүшүнүн темпи билимдин өтө бат «моралдык эскирүүсүнө» алып келет, анын негизинде окуучу ээ болгон жалпы илимий жана атайын билимдин көлөмү эртең жетишсиз болуп калаары жана сөзсүз болоору анык.

Ошол себептен, окуучуга илим жана техниканын жаңы жетишкендиктерин өз алдынча өздөштүрүү жөндөмүн калыптандырууга, дайыма өз билимин жогорулатууга болгон муктаждыгын тарбиялоого мүмкүндүк берген жаңы жолдорду жана ыкмаларды табуу зарылчылыгы келип чыгат.

Окуучуда билимге ээ болуу муктаждыгы биринчиден өз алдынча иштөөнү аткаруу процессинде, алдына коюлган проблемалык маселени өз алдынча чечүү процессинде калыптанат.

Окуучулардын окуу процессинде өз алдынчалык жана чыгармачылык активдүүлүк теориясынын өнүгүүсүнө Ю.К. Бабанский, М.А. Данилов, Б.П. Есипов, И.Я. Лернер, М.И. Махмутов, И.Т. Огородников, П.И. Пидкасистый, М.Н. Скаткин сыяктуу көрүнүктүү педагогдор жана Д.Н. Богоявленский, Л.С. Выготский, П.Я. Гальперин, В.В. Давыдов, Л.В. Занков, А.М. Матюшкин, Н.А. Менчинская, А.Н. Леонтьев, С.Л. Рубинштейн, Д.Б. Эльконин, А.Ф. Эсаулов аттуу көрүнүктүү психологдор чоң салым кошушкан. Бул изилдөөлөр, окуучулардын өз алдынчалыгын жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн бирден бир эффективдүү ыкмаларынын бири өз алдынча иштөө болуп саналарын көрсөтөт.

В.В. Дрозина окуучулардын чыгармачылык өз алдынчалык иш-аракетин уюштуруунун теориялык жана практикалык негизги жоболорун иштеп чыккан. Окутуу процессиндеги «өз алдынча иштөө» түшүнүгүнүн мазмуну, максаты, милдеттери, дидактикалык принциптери, өз алдынча иштөөнүн функциясы, формалары жана аны уюштуруу методдору М.Г. Гарунов, Б.Е. Корольков, О.А. Нильсон, В.Г. Орловский, П.И. Пидкасистый, А.Я. Цукарь, Н.И. Чиканцева ж.б. изилдөөлөрүндө караштырылган.

Маселенин актуалдуулугу талашсыз, анткени билим, көндүм, көз караш, акыл-ойду мугалимден окуучуга, бир гана сөз менен берүүгө мүмкүн эмес. Бул процесс өзүнө таанышуу, кабыл алуу, өз алдынча иштөөнү, билим жана түшүнүктөрдү түшүнүү жана кабыл алууну камтыйт [3, 43-б.].

Алгач мектеп босогосун аттаган бала өз иш-аракетине өз алдынча максат коё албайт, өз кыймылын пландоого, аны ишке ашырууну корректирлөөгө, коюлган максатты алган натыйжага салыштырууга күчү жетпейт, демек, бул көйгөй жалпы коом үчүн актуалдуу.

Окутуу процессинде мугалимдин милдети программада каралган билимдин бекемдигин гана камсыз кылуу эмес. Ал ошондой эле, окуучулардын өз алдынчалыгын жана активдүүлүгүн өнүктүрүүдөн да турат. Өз алдынча иштөө – бул окуучунун ой-жүгүртүүсүнүн ирееттүүлүгү, анын акыл-эс жана практикалык операциялары жана аракеттери, окуучунун өзүнө көз каранды болгон



Подпись __________ заверяю
Ученый секретарь
КГУ

уга болгон жөндөмдөрүн калыптандыруу.

**Өз алдынча иштөөнүн милдеттери:**

– өз алдынча иштөө жөндөмүн иштеп чыгуу;

– таанып-билүү активдүүлүктү өнүктүрүү;

– чыгармачылык ой-жүгүртүүгө түрткү берүү;

– ишке болгон кызыкчылыкты, акыл эмгек маданиятын жогорулатуу;

– алган билимге маани берүү («өз алдынча жасалган нерсе жакшы эсте калат»)

– убакытты пландоо жөндөмүн калыптандыруу;

– жоопкерчиликти жана инициативдүүлүктү иштеп чыгуу.

Окуучулардын өз алдынча иштөөнү ийгиликтүү аткарышына мугалимдин максат, мазмун, аткаруу ыкмалары, алынуучу жыйынтыктарды көрсөтүүнүн формалары жөнүндө так көрсөтмөлөрү түрткү берет. Алар математикалык текст менен иштөө, маселелерди чечүү, докладдарды, рефераттарды ж.б. боюнча сунуштары бар эстетме катары көрсөтсө болот. Бирок, муну менен окуучулардын жазуу жана оозеки кебин калыптандыруу процессин жөн коё бербөө керек. Окуучулар оозеки жана жазуу түрүндөгү өз алдынча иштерин аткарууда өз оюн так, толук, аргументтүү жеткирүүгө системалуу түрдө үйрөтүү керек.

**Колдонулган адабияттар**

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери / И.Б. Бекбоев. – Б., 2011. – 340 б.

2. Гуськова Т.В. Можно ли воспитать ребенка самостоятельным? [Текст] / Т.В. Гуськова // Дошкольное воспитание. – 1988. – №8 – С. 65-69.

3. Мирошниченко Л.П. Инновационные школы Кыргызстана / Л.П. Мирошниченко, М.Т. Иманкулова. – Бишкек, 1996. – 150 с.

4. Щукина Г.И. Активизация познавательной деятельности учащихся в учебном процессе / Г.И. Щукина. – М.: Просвещение, 1988. – 160 с.

5. Майрам Кырбашева. Биология сабагында окуучулардын өз алдынчалыгын калыптандыруунун проблемалары / Кырбашева Майрам. // Alatoo Academic Studies. – Б., 2017. – №2. – 239-244 бб.



Ученый секретарь ... заверяю
КГУ им. И. АРАБАЕВА